Педагогикалык кеңешмеде каралды

Протокол

№1 03.09.22

БЕКИТЕМ
№98 ОЖББМнин директору
_______К.У. Урматов
"03" 09 2022 ж.

## №98 орто жалпы билим берүү мектебинин ички тартиби тууралуу жобосу

**1.Жалпы жобосу**

1.Окуучулардын мектептеги ички тартибинин эрежелери «КР Билим тууралуу» мыйзамынын жана мектептин Уставынын негизинде иштелип чыкты.

2. Мектептин ички тартиби,окуучулардын мектептнги жана мектепке тиешелүү аймактагы,ошондой эле мектептин окуучулары катышканмектептен тышкары иш-чаралар убагында негизги жүрүм –турум эрежелерин жана нормаларын аныктайт.

**Максаты:**

Окутуу жана тарбиялоо процессинде зарыл болгон ыьнгайлуу жумуш шарт түзүү:

Окуучулардын окуу программасын сапаттуу өздөштүрүүнү камсыздоо:

Инсанды жана анын укуктарын сыйлоого тарбиялоо:

Журүм-турум жана пикир алышуу маданиятын өнүктүрүү:

**2.Окуучунун милдеттери:**

1.Мектепке сабак башталаардан мурун 15м унөт эрте келүүгө:

2.Мектеп аныктаган мектеп формасында келүүгө:

3.Бут кийимин алмаштырууга:

4.Мектепке уюлдук телефондорду алып келбөө:

5.Мугалимдер жана мектептин жумушчу персоналдары менен окуучулар өз ара сый мамиле түзүү жана башкалардын эмгегин баалоо,урматтоо менен мамиле кылууга:

6.мектептин айланасынын тазалыгын жана тартибин сактоого:

7.Мектептеги жана класстагы коопсуздукту сактоого:

8. сабактан себепсиз калбоого, сабактан калтырган күнү үчүн класс жетекчиге керектүү маалымкатты алып келүүгө:

9.Мугалим берген тапшырмалырды өз убагында аткарууга:

10. коомдук иштерге активдүү катышууга:

**2.Окуучунун тыюу салынат:**

1. Мугалимдин уруксааты жок мектептен кетүүгө:
2. Ден соолукка зыян келтирүүчү ар кандай каражаттарды мектепке алып келүүгө:
3. Сабак учурунда уюлдук телефонду колдонууга:
4. Сабактарды себепсиз калтырууга:
5. Ар кандай диний агымдарды жайылтууга.